УДК 378:147

Мансапова Г. М.
*Кыргыз билим берүү академиясы*

# ЭЛДИК ПЕДАГОГИКА – ТАРБИЯНЫН БУЛАГЫ КАТАРЫ

*Бул макалада автор мекенибиздин тарыхында акыл-ою, руханий казынасы, салт-санаасы, үрп-адаты менен сакталган кыргыз элинин жашоо турмушунан алынган тарбиялоо тажрыйбасына токтолот. Турмуштук тажрыйбага бай улуулардын кеп-сөзү аркылуу үй-бүлөдө балдарды тарбиялоодо ата-бабалардын ролу улуу педагогдун ролу экендигин айгинеледи. Учурда ар тараптан агылып келген маалыматтын булагында жашаган жаштарга виртуалдык сүйлөшүүгө чек коюп, акыл-ой байлыгын баалоого, аздектеп багуу кеңештерди берүү жөнүндө чагылдырылды.*

*В статье автор останавливается на историческом жизненном опыте кыргызского народа, сохранившего духовное богатство, мудрые мысли, совокупность обычаев и традиций. Показана роль в воспитании детей старшего поколения с богатым жизненным опытом и мудрыми советами как высоконравственных педагогов. Сделан вывод о том, что в современный информационный век самый главное наставление нашей молодежи - это сокращение виртуального общения стремление развивать критическое мышление, ценить и бережно лелеять мудрость наших предков.*

*The author of this article elaborates on life experiences from lives of Kyrgyz folk that has preserved with its traditions, beliefs, habits, practices, ideology, spiritual richness over the course of centuries. The writer claims that the guidance of elder generation – grandparents, who has a rich life experience, plays the role of a grand teacher in upbringing of children in a family. She suggests that young generation should have a limit for virtual communication because the information nowadays does not always come from a trusted source; critical thinking development of a child and proper nurture of ethics and integrity must be valued.*

***Түйүндүүсөздөр:*** *элдик педагогика, ата-баба, үй-бүлө, жаш муундар, салт-санаа, үрп-адат, тажрыйба, маалымат.*

***Ключевые слова:*** *народная педагогика, предки, семья, молодое поколение, традиции, совокупности обычаев и установлений, опыт, информация.*

***Key words:*** *folk pedagogy, ancestors, family, young generation, ideology, customs, experience, infozmdtion.*

Кылым карыткан элибиздин акыл-ой, таалим-тарбия, адеп-ахлак казынасы улуу муундун урпактарынан кичүү муунга уламдан-улам жаңыланып, толукталып, өзгөрүүгө дуушар болуп өтүүдө. Кечээки күн тарых барактарында жазылып калып, бүгүнкү күн өкүм сүргөн мезгилде күн кечирип жашап келе жатабыз. Элдеги идеялар, адат-салттар, ырым-жырым жөрөлгөлөр элдик керектөөлөрдөн улам пайда болот жана өсүп өнүгөт.

«Элдик педагогиканын жоболору турмуштун зарылчылыгынан келип чыгып, илимий педагогика пайда болгонго чейин эле ошол элдин башын кошуп, өнүктүрүп, өстүрүп, тарбиялап, окутуп, ошол калктын өзүнүн жүзүн, өзүнүн наркын башка элдердин катарында калыптанышын камсыз кылып келген. Кыргыз элдик педагогикасынын нукура үлгүлөрүн, нукура жоболорун, кыргыздын улуттук педагогикалык тарбия-таалим берүүчү эрежелерин «Манас» эпосунан көрүүгө болот», – деп белгилейт И.Бекбоев [2].

Ал эми «Элдик педагогдор дайыма улуу болушкан, ал эми улуу педагогдор дайыма элдик болушкан» - деген тыянакка келген академик Г.Н.Волков [3, 3 б.].

Атактуу педагогдор Ааламга жар салып келген балага акыл-эс жана эстетикалык, дене тарбиясын, экологиялык, адептик тарбиянын бардыгын чогуу кароо менен тарбиялоого басым жасашкан. Эл турмушунун тажрыйбасы педагогикалык билим берүүнүн негизги максатын, өзөгүн түзөт. Элдин жашоо-турмушу, улуттун мүнөзү, менталитети, психологиялык сапаттары, педагогикалык көз караштары, адептик-этикалык салттары таалим-тарбиялык материал болуп эсептелери кажетсиз. Турмушта баланы тарбиялоодо улуулардын акыл-насааттарына, абалтадан колдонулуп келген үрп-адат, ырым-жырым,

улууну урматтоо, кичүүнү ызааттоо, башка адамдарга өрнөк болуу, руханий адептик аң-сезимди сактаганды, асыл дөөлөттөрдү баалаганды алдыга коюп, элдин бергенкеп-кеңештерине, баталарына, айткан накыл сөздөрүнө мани берип, ошонун негизинде жыйынтык чыгарып, балдарга үлгү катарында үйрөткөн. Баланы турмушка тарбиялоодо элдин акыл-ой байлыгы негизги борбордо турат. Табийгатынан татаал жолду басып өткөн адам баласынын турмуштук тажрыйбасы муундан-муунга өтүп, улуусу кичүүсүнө жол көрсөтүү менен бирин-бири тарбиялоого негизделген. Кылым карыткан кыргыз тарыхында ата-бабалардын басып өткөн жолу - түгөнгүс тажрыйбага каныккан турмуштун алтын казынасы. Дал ушул тууралуу Г.Н.Волков: «Эң күчтүү, таасирдүү педагогика - элдик педагогика, ал эми тарбиячылардын мыктысы - эл», - деп баа берген [3, 18 б.].

Чындыгында, көчмөн турмушту башынан кечирген улуу кыргыз эли үчүн улуулардан уккан кеп, алардын акыл-ой байлыгы, басып өткөн жолу кичүү муун үчүн үйрөтүүчү, аткаруучу педагогдун жолу болгон. Ал эми И.Б.Бекбоев: “Элдик педагогика – бул эл тарабынан иштелип чыккан жана элдик оозеки чыгармачылыкта, салт-санаада, үрп-адаттарда, ырым-жырымдарда, оюн-шооктордо, этнографиялык, тарыхый жана археологиялык материалдарда сакталып келген педагогикалык идеялардын жана тарыхый тарбиялык тажрыйбалардын чогуусу. Демек, элдик-педагогика – бул улуттун сабаттуулугунун жана маданияттуулугунун башаты, анын уюткусу”, - дейт [2,46 б.].

Элдик педагогиканын эң негизги максаты - кылым карытып кыргыз эли менен кошо жашап келе жаткан каада-салт, үрп-адат жана элдик оозеки чыгармачылыктын негизинде балдарды турмушка татыктуу тарбиялоо. Бул тууралуу А.Алимбеков: “Тарбиялоо жөнүндөгү талаптар, керектөөлөр жана тажрыйбалар улут пайда болгонго чейин эле пайда боло баштайт. Алсак, азыркы адамдар үчүн эрежеге айланган улууларды сыйлоо салтынын учугу уруулук коомдо жатат. Өткөн муундардан мурас калган өнөрлөрдү, турмушка керектүү жүрүм-турум эрежелерин үйрөнүш үчүн уруу коомунун жаштары уруу башчыларын, улууларды кунт коюп угушуп, алардын акыл-насааттарын, буйруктарын өзүлөрүнө үлгү катарында кабыл алышкан жана аткарышкан”, - деп баса белгилейт [5, 7 б.].

Эзелтеден бери келе жаткан элибиздин турмушунда баланы тарбиялоо эненин курсагында жаткан мезгилге туура келет. Түйүлдүк пайда болгондон баштап, эне өзүнүн жүрүм-туруму менен кошо баланы да тарбиялаганга өтөт. Адамдан адам жаралуусу оной болбогондуктан, бала эненин курсагында жаткан учурдан баштап, сапары карып, ичээр суусу түгөнгөн өмүрүнө чейин турмуштун агымында тарбияланып жүрүп отурат. Ал эми Ааламда жарык дүйнөнү көзү менен көрүп, кулагы менен добушун эшитип, колу менен кармап көргөн наристенин кыймылынан, көз карашынан, айлананы саресеп салып байкоосунан улам жашоо, тиричилик, турмуш башталат. Элибизде: «Баланын баары бирдей, тарбиясынан гана бири-биринен айырмаланат» - деп айтылып келет.

Элдик педагогика эл турмушунун дал өзү болгондуктан, бала үчүн ата журтундагы чоң ата, чоң эненин, тага журтундагы тай ата, тай эненин, кайын журтундагы кайната, кайнененин, мекениндеги элдин тарбиясы бардык тарбиядан жогору турушу зарыл [4]. Элдик педагогиканы чыныгы жай турмушта үй-бүлөдөгү баланы тарбиялоодо чоң ата, чоң эненин ролунан улам билсек болот. «Карысы бардын ырысы бар» - дегендей, төрүндө ардактуу аксакалы, байбичеси отурган үй-бүлөдө турмуш-тиричилик, карым-катыш, келим-кетим, алыш-бериш дагы салттуу нукта жүрүп отурат. Үй-бүлөдөгү тарбиянын очогун өзүнүн басып өткөн турмуштук жолуна таянып үйрөткөн улуулардын жаш муундар үчүн айткан ар бир сөзү, кылган кыймылы - үлгү. Ар кимибиз өзүбүздүн турмушубузду карай турган болсок, үйдүн улуу небересин чоң ата, чоң апа бармактайынан багып алып тарбиялаган. Алар тарбиялаган бала менен ата-эне тарбиялаган баланын ортосунда бир тууган болсо да айырма өтө жогору турат. Алардын айткан кебине, сөзүнө муюп чоңойгон балдар руханий адептик аң-сезимдүү, акыл-ойлуу, сабырдуу, туруктуу, өз оюн так, таамай

айткан, сөз баккан, сөз аздектеген, каада-салтты, ырым-жырымды түшүнгөн, турмушта чоң ата, чоң энени улуу педагог, жол көрсөтүүчү, көрөгөч инсан катары бийик туткан адам болуп калыптанат.

Замандын талабына жараша дейбизби, учурда жаштардын кылган иштерин көрүп билип, ооз ачып, акыл айтпаган аксакалдар көбөйгөндөй. Турмушка саресеп салып байкап, өткөн күндү эске салып иш кылууда улуулардын айткан кебин тыңдап, алар айткан сөздү, акыл-насаатты жаш муундар угушу зарыл. Бирок акыркы убакта эмнегедир, эзелкини эстеп кеп кылган, «Балам, биздин убакта турмуш мындай болчу, кезегинде мага да ата-энем айтып, үйрөтчү, эми мен силерге айтайын», - деп балдарын отургузуп алып, өткөн-кеткен турмушун, таалим-тарбиялык окуяларынан кеп салып, айтып берген аксакалдар дээрлик жокко эсе.

Эсимде, мен бала кезде чоң апам жанына отургузуп алып, ар түрдүү кепти кызыктуу кылып айтып берээр эле. Ал кеп салганда, мен үчүн бардык кыймыл токтоп, ажайып бир кооз дүйнөгө сүңгүп, ааламдын кызыгын чоң апамдын оозунан уккум келчү. Дагы айтса, улантса дечүмүн. Кат-сабаты жоюлбаган карапайым чоң апам бизге руханий казылып бүтпөгөн кенчти, байлыкты көөдөнүбүзгө толтуруп, көкүрөгүбүз менен сезип билсин деп кеп салып берчү тура. Анда мен болгону 6 гана жашта элем. Мектеп босогосун аттап, тамганы таанып окуп жатып, ёттошкон тамгаларга келгенде окуй албай кыйналгам, канчалык аракет кылсам дагы үйрөнө албай, китебимди кучактап ыйлап отурсам, *«Балам, турмушта билбеген нерсең үчүн ыйлаба, муктаж болсон өзүң эле үйрөнөсүң»* - деп калчу чон апам. Ушул убакытка чейин чоң апамдын ошондогу мээримдүү сөздөрү, жылмайганы, кучагын жайып, бооруна кысып эркелеткени, колумдан кармап алып: - Жүрү, мени менен, балам, айылчылап келели - деп ээрчиткени өмүр бою эсимде калды. Турмуштун кыйынчылыгына тушукканда караңгыдан жол таап, акыл айтып чыгарчу чоң апамды издейм. Бирок канчалык карасам да таппайм. Көрсө, кат-сабаты жоюлбаган, илим билими жок, карапайым, турмуштун татаалдыгын көзү менен көрүп, акыл-ою менен калчап көргөн адамдардын көкүрөгү бийик, акылы тунук, көөдөнү турмуштук тажрыйбага толгон, чыныгы «элдик педагогдор» тура. Бул туурасында Г.Н.Волков эмгектеринде турмушунунан мисал кылып дайыма айта жүргөн. Ал кесиби боюнча физика-математика мугалими болсо дагы, бала кезинен чоң апасынын колунда тарбияланып, улуттук каада-салтты, үрп-адатты, элдик оозеки чыгармаларды чоң апасынын оозунан угуп эр жеткендиктен, этнопедагогиканы иликтеп, илим катары түптөгөнгө чоң апасы түрткү болгонун баса белгилеген [3, 96 б.].

Элдик казынаны кучагына батырган айыл жергесинде да карылардын жаштарга айткан нускалуу кеп-сөзү азайгансыйт деп өз алдымча түйшөлүп жүргөн убагымда 87 жашты жашаган Мураткерим карыя мындай деп калды: «Турмушубуздагы өткөн-кеткен күндөрдү, айрым окуяларды баяндап айтып берсек, он баланын бирөө кызыкпаса, калганы үчүн кереги жок. Азыркы жаштар маалыматтын чордонунда жашайт. Ким эмнени кааласа, ошону кылат. Биздин убакта, сөзсүз, улуулар айткан кеп-сөз бааланчу. Аларды сыйлаганыбыздан акылын угуп, кабыл алчубуз. Башкасын коюп, үйдөгү балама мындай кылсаң боло деп кеңешимди айтсам, сөзсүз, башка жолун таап кайра өзүмө айтып берет». Чындыгында, маалыматтын өтө тез өнүккөн мезгили болгондуктан, маңдай-тескей отуруп алып улуулардын уулу кебин, жагымдуу кеп-сөзүн уккандан көрө, интернеттен турмуштук суроолордун жообун издейбиз. Бул тууралуу маалыматтын казанында кайнап жаткан айрым жаштардан: «Техника менен гана байланышып жашай турган болсок, бара-бара адамдар менен жүз-көрүшүп, баарлашкан убак жоголуп кетет, биз виртуалдык сүйлөшүүгө чек коёлу, андан көрө турмуштук тажрыйбанын булагы болгон улуулардан кеп угуп, алар менен баарлашалы», – деген ойду уктум. Чындыгында, учурда маалыматтын бизге кереги барын, жогун деле ар тараптан кабыл алып жатабыз. Балким, бардыгы турмушубузга керектир. Маалыматтын аркасы менен кызмат кылып жан багып жаткан адамдар бар,

ошондуктан элдин айткан ой-пикирине караганда, техниканын жардамы менен билдирүү оңой болгондуктан, жеңил жолуна качырып жатабыз. Элибиздин көп кылымдык тарыхын билген жаштар, тажрыйба гана топтоп тим болбостон, акыл-эсин, жан дүйнөсүн элдин казынасынын булагы менен толтуруусу абзел.

Элде педагогиканын эң негизги максаты - адамды адам кылып калыптандыруу. Кеменгер жазуучу Ч.Айтматовдун «…адамдын башкаларга кылар эң чоң жакшылыгы эле – үйүнөн Адам болоор балдарды тарбиялап өстүрүү…» деген таамай сөзү үй-бүлөдө балдарды татыктуу тарбиялап, өстүрүп, коомго өз салымын кошуп жаткан ата-энелерге айтылат [1]. Бүгүнкү биздин келечегибиз кечээки күндүн пайдубалынан курулгандыктан, өткөн өмүрүбүзгө көз салып, байкоо жүргүзүп, ата-бабаларыбыздан уккан акыл-насааттарыбызды, кеп-кеңештерибизди, көөдөнүбүздү толтурган акыл-ой казынасын, руханий кенчти унутпай, аздектеп, уккан кебибизди жаза кетирбей, сөздүн баркын, баасын билип эртеңки күнү биз да жаштарга акыл-насаатарыбызды калтыралы.

Адабияттар**:**

1. Айтматов Ч.Т. 5 томдон турган чыгармаларынын жыйнагы. А.Акматалиевдин жалпы редакциясы астында. 2-том. - Б., 1999. – 111 б.
2. Бекбоев И. Окуучу, мектеп, мугалим: улуттук педагогика илиминин контекстинде. – Б.: JAKPRINT, 2015. – 460 б.
3. ВолковГ.Н. Этнопедагогика. – М.: Издательский центр Академия, 2000. – 176 с.
4. Акматалиев А. Кыргыздын көөнөрбөс дөөлөттөрү. – Б., 2000.- 438 б.
5. Алимбеков А. Кыргыз билим берүү салттары. – Бишкек, 2001. - 42 б.